DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Канназарова Б.У., Давлатов З.Х.*

# БӨРӨГӨНДҮК КЫРГЫЗДАР

*Канназарова Б.У., Давлатов З.Х.*

# КЫРГЫЗЫ ИЗ БУРАГЕНА

***B.U. Kannazarova, Z.Kh. Davlatov***

# KYRGYZ FROM BURAGEN

*УДК: 39.308*

*Бул макалада Тажик Республикасынын азыркы Согд областынын Шахристан районунун Бөрөгөн (Фирдавсй) жана Мукур айылдарында жашаган этникалык кыргыздардын кыскача тарыхы жана маданияты тууралуу жазылды. Бөрөгөн жана Мукур айылдарында жашаган этникалык кыргыздардын азыркы Баткен областынын Лейлек районуна караштуу Ак-Суу айылынан көчүп барып отурукташып калгандыгы, айылдын өздөштүрүлүшү, кыргыздардын кол өнөрчүлүгү, дыйканчылыгы, багбанчылык, мал чарбачылыгы, жайыттары, улуттук оюндары, майрамдары, дини жана башкалар тууралуу авторлордун талаа материалдарынын негизинде маалымат берилди. Ошондой эле учурдагы этникалык кыргыздардын билим алуусу жана алардын Кыргызстандын Чүй областына карай көчүшү көрсөтүлдү. Айылдын Бөрөгөн аталып калышынын себеби, эл оозунда бүгүнкү күнгө чейин сакталып келген уламышы, кыргыздардын ошол мезгилдеги турмуш-тиричилиги камтылды.*

***Негизги сөздөр**: кыргыздар, этникалык кыргыздар, Бөрөгөн, тарых, Мукур, Казнак, Ак-Суу.*

*В этой статье написано про историю и культуру этнических кыргызов проживающих в селе Бураген, Шахристанского района, Согдийской области Республики Таджикистан. Этнические кыргызы проживающие в селе Бураген и Мукур переехали из деревни Ак-Суу которое сейчас находиться в Ляйлякском районе Баткенской области. Также в статье указано освоение села Бураген этническими кыргызами, их ремесла, садоводство, скотоводство, пастбище, национальные игры, праздники, религии и образование и другие информации написаны на основе полевой работы авторов. История названия села Бураген, его легенда которая сохранилась до наших дней, т.е. жизнь и быт этнических кыргызов.*

***Ключевые слова:** кыргызы, этнические кыргызы, Бураген, история, Мукур, Казнак, Ак-Суу.*

*This article is about the history and culture of ethnic Kyrgyz living in the village of Burgen, Shakhristan district, Sughd region of the Republic of Tajikistan. Ethnic Kyrgyz living in the villages of Buragen and Mukur have moved from the village of Ak-Suu, which is now located in the Lyailaksky district of the Batken region. The article also indicates the development of the village of Buragen by ethnic Kyrgyz, their crafts, gardening, cattle breeding, pasture, national games, holidays, religions and education and other information are written based on the field work of the authors. The history of the name of the village of Buragen, its legend that has survived to this day i.e. life and life of ethnic Kyrgyz.*

***Key words:** kyrgyz, the ethnic kyrgyz, Buragen, history, Mukur, Kaznak, Ak-Suu.*

Бүгүнкү күндө этникалык кыргыздар дүйнөнүн бир канча өлкөлөрүндө жашашат. Алар тарыхтын нечендеген сыноолорунан өтүп бир убакта кыйроолорго, бытырандылыкка туш болуп, тарыхтын дагы бир этабында бири-бири менен биригип, жоголбостон өзүнчө этникалык эл катары сакталып жашап келет. Учурда чет элде жашаган этникалык кыргыздардын тарыхы жана маданияты иликтөө кыргыз тарыхынын алдында актуалдуу маселелеринин бири. Бүгүнкү маалыматтарга таянсак кыргыздар дүйнөнүн 30дан ашуун өлкөсүндө жашашат. Мисалы АКШ, Канада, Турция, Пакистан, Россия, Өзбекстан, Казакстан, Тажикстан, Монголия, Кытай, Афганистан, Индия ж.б.

Мына ошондой элдердин чет өлкөдө жашаган этникалык кыргыздардын бири, Тажикстандын Согд областынын Шахристан районунун Бөрөгөн (азыркы учурда аталышы Фирдавсй) айылында жашаган кыргыздар болуп эсептелет. Ушул мезгилге чейин кыргыз тарыхында Бөрөгөн айылында жашаган кыргыздар жөнүндө илимий-изилдөө иштери болуп келген эмес. Учурда Согдулук кыргыздардын тарыхы анын ичинде Бөрөгөндүктөрдүн тарыхын иликтеп келе жатамын. Бөрөгөн айылында жашаган этникалык кыргыздардын тарыхын жазууда Бөрөгөн айылынан келген студентим менен биргеликте Шахристан районуна анын ичинен Бөрөгөн (Фирдавсй) жана Мукур айылдарына, ошондой эле Дж. Расулов районунун Казнак айылына чейин барып маалымат топтоп келдик.

Согд областынын Шахристан районунун Бөрөгөн айылынын климаты жайкысын ысык, кышкысын суук келет. Себеби айыл тоолуу жерде жайгашкан. Көбүнчө дыйканчылыкка, багбанчылыкка, мал чарбачылыкка өтө ыңгайлуу. Айылга жакын жерде Ак-Кыя,

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Көсөөлү-Сай, Тумар-Тескей, Жел-Тегирмен жайлоолорунда кыргыздар мал багып келишет. Тажик, өзбек эли менен кошуна туруп, малчылык, дыйканчылык, кол-өнөрчүлүк сыяктуу тектеш чарба жүргүзүү менен кыргыздардын бир бөлүгүн тажик жеринде, тажик, өзбек элинин ичинде аралаш жашоосуна шарт түзгөн. Кыргыздар кыргыз, тажик, өзбек тилдеринде эркин сүйлөшөт. Дыйканчылыгында буудай, жүгөрү, картошка, шалгам, ал эми багбанчылыкта алма, өрүк, жаңгак кеңири тараган.

Бөрөгөн айылында жаштар №10 Т.Шерматов орто мектебинде билим алат. Учурда 7-8-9-10-11-класстын окуучулары гана кыргыз класстарында окуп, кенже класстын окуучулары тажик тилинде билим алып жатышат. Бул этникалык кыргыздар үчүн өкүнүчтүү. Себеби жаштардын арасында кыргыз тилин сактап калууда кыйынчылык жаралууда.

Кыргыздар үй-бүлөнүн куту аял заты деп эсептешип, үй-турмушуна тиешелүү жумуштарды аял заты аткарып келет. Бөрөгөндүк аялдар малдын терисин, жүнүн иштетип ак түстөгү жүндү кызыл, жашыл түстөргө, ал эми күрөң түстөгү жүндү кара түскө боешуп таар токушат.

Жыл сайын өткөрүлө турган салттуу майрамдардын катарына "Нооруз", "Курман айт" майрамдары кирет. Нооруз майрамында эл чон аянтка чогу-луп оюн-зооктор, концерттик программалар менен өтөт. Бөрөгөн айылынын жаштары майрамдык салтанаттарда кыргыздын улуттук оюндарын бийлеп, ырларын ырдап келишет. Кыргыздарда улуттук оюндардан "Көк бөрү", "Күрөш" оюндары кенири тараган. "Нооруз" майрамы аларда эң чоң жаны жыл майрамы катары кабыл алынып, өзүнүн шаңдуу, жогорку маанайда өтө тургандыгы жана анда жасала турган тамактардын көп түрдүүлүгү боюнча башка майрамдардан айырмаланып турган. Айрыкча бул майрамда бардык түрк элдери сыяктуу "сүмөлөк" кайнатылат [АТМ.1]. Конок тосcондо сыйлуу тамагы палоо (плов) эсептелет. Ал эми Курман айт майрамы үй-бүлөлүк майрамга айланган. Анда туугандар жыйналып, маркумдардын атына куран окуп бата кылышып, курмандыктарды чалышат.

Диний ишенимдеринде ислам динин тутушат. Бөрөгөн айылында айылында 2 мечит бар. Учурда Бөрөгөндүк кыргыз жаштары Чүй областынын Ивановка айылына көчүп кетип жатат. Бүгүнкү күндө Ивановкада, Ак-Суу, Беш-Терек айылдарында 200 кожолук Бөрөгөндүк кыргыздар жашайт.

Дж.Расулов районунун Казнак айылында жашаган кыргыздардын бир бөлүгү Бөрөгөн айылынан барып отурукташкан [АТМ. 2]. Бөрөгөн айылында кыргыздардын отурукташып калуусу боюнча бир канча варианттар бар. Айылдын аксакалдары Лейлек районунун Ак-Суу айылынан көчүп келгенбиз дешет. Уламыштарга караганда илгери бир аял таң эртең булактын боюна барган экен. Ийниндеги бакaны менен суу ичип жаткан карышкырды жыгыта чабат. Ошол жер "Бөрү алган, бөрүнү алган, бөрүнү урган, жынгач чапкан" деп сөз эл оозунда айтылып олтуруп "Бөрөгөн" аталып калган дешет.

**Шахристан районунун Бөрөгөн (Фирдавсй)** айылында бүгүнкү күндө 650 кожолук, Мукурда 100гө жакын кожолук кыргыздар жашайт. Булар кесек уруусунун бөксөсүнөн (калдар, булбул, печек, көчөк ж.б.) жана тейит уруулары болушат. Алар Кокон хандыгынын мезгилинде азыркы Лейлек районунун Ак Суу аймагынан Шахристан тарапка качып барган Төрөкул бийдин урпактарынанбыз дешет. Ак-Суудан эшек, ат менен кыр ашып Бөрөгөнгө көчүп келгенбиз дейт жергиликтүү аксакалдар. Бүгүнкү күндө Ак-Суу айылында негизинен кесек уруусунун бөксөлөр тобу жашашат жана булар менен тууганчылык карым-катнаштары дагы деле бар. Азыр да эшек, ат менен баруучу жол бар. Кыргыздардын Ак-Суудан Бөрөгөнгө барганына болжол менен 300 жыл болгон. Алгач бир кожолук барган дешет. Илгери азыркы Лейлек районунун Ак-Суу аймагында бир хандын кызы менен хандын ат багары бирин-бири жакшы көрүп сүйүп калат. Булардын сүйүүсүнө жана баш кошуусуна хан каршы чыгат. Хан айтат: - мен эми кызымды чонойтуп ат багарга беремимби, ага бербеймин, ат багарды жок кылгыла деп желдеттерине буйрук берет. Ат багар жигит хандын каршы болушун билип кызга "Атан айылды жыйнап мени өлтүрмөкчү болуп жатат, эми эмне кылабыз" деп айтат. Кыз анда "мени башка жакка ала качып кет" деп жообун айтат. Кыз энесине болгон окуянын баарын айтып, жигитти сүйөрүн жана ансыз жайшай албагандыгын түшүндүрөт. Кызынын бактысын ойлогон эне колундагы, мойнундагы таккан алтын, күмүштөрүн кызына берип түн ичинде качырып жиберет. Экөө качып бир канча кыр ашып олтуруп азыркы Бөрөгөн сайга келген экен. Лейлектеги Ай-Көл көлү эки көздүү, анын бир көзү Бөрөгөндө жайгашкан дейт айылдык аксакалдар. Мына ушул көздөн жол чыйылып кеткен. Ошол жол аркылуу жүрүп олтуруп Бөрөгөнгө барып калышкан экен. Жигит менен кыз ушул сайларга токтошуп, арчанын астына алачык жасашат. Жигит тоолордон куш, паранда, кекилик ж.б. канаттууларга жана жаныбарларга аңчылык кылып экөө жан багышат. Кыз жигит алып келген

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



жандыктарды таштан очок жасап, отко кактап бышырып жүрөт. Ошентип арадан бир топ убакыт өтүп айланасы куштардын, жаныбарлардын сөөгүнө толуп кеткен экен. Жигит ууга кыздын энеси жасатып берген токмок менен чыккан. Анчылыкка чыкканда жаныбарга токмок менен мээлеп туруп урган экен.

Бир күнү келин очоктун жанында эт бышырып олтурса үч бөрү келип айланадагы сөөктөрдү талашып жей баштайт. Кыз корконунан эч нерсе кыла албай унчукпай тиктеп туруп калат. Бөрүлөр сөөктөрдү жеп кызга карай уулдашып умтулушат. Ошондо кыз жанына келген бөрүнү токмок менен башына урган. Бөрү жаны чыкканда ушунчалык каттуу улуган экен, тоолорду жарган добуш чыккан дешет. Калган эки бөрү качып кетишкен. Кыз корконунан арчанын астында ыйлап олтурса, жигит уудан келет. Кыз болгон окуяны айтып берет.

Кыздын энеси жигит менен кызга сарсанаа болуп, кайсы жакта экенин билбей, куса болуп ооруп калат. Оорусу күндөн күнгө күчөй бергендиктен хан желдеттерин “кызымды каяктан болсо да таап келгиле” деп аркасынан жөнөтөт. Алар кырма-кыр ашып олтуруп кыз менен жигитти таап келишет. Кызга эмне себеп менен келгенин айтышат. Бирок жигит менен кыз кайра элине кетүүгө каршы болушат. Алар кайра айылына барса хан атасы эки жашты ажыратып, жигитти өлтүрүп коюшунан корккон. Желдеттер ханга болгон окуяны айтып беришет. Энеси дагы деле оорусу күчөп ыйлай берген экен. Айласы кеткен хан элди жыйнап өзүнүн жана аялынын туугандарынан беш кожолукту эки жаштын артынан бирге жашоого жөнөтөт. Бирок кыз менен жигит мага көзүмө көрүнбөсүн дейт. Бөрөгөндүк кыргыздар кыргыздын алып качуу адаты ушундан улам калган дешет. Ошентип алгач кыз жигиттин артынан Бөрөгөнгө беш кожолук келген экен. Кийин булардын артынан малга жакшы, жайлоо салкын жер экен деп башка тууган туушкандары да көчүп келе башташат. Ошентип Бөрөгөн сайда эл толуп кетет. Бир күнү жер суу талашып бөрөгөндүктөр бири-бири менен урушуп кетишет. Ошондо Төрөкул болус: калдарин бир тарапка, көчөгүн, печегин, булбулун, бактыбай, кебек бир тарапка тургула – деп бөрөгөндү ар бир сайына бөлүштүргөн. Аксакалдар айылдын атын айылга алгачкылардан болуп көчүп келген жигит менен кыздын урматына “бөрүнү урган” же “бөрү алган” деп атап коюшат. “Бөрү алган” деген сөз кийинчерээк тыбыштык өзгөрүүлөргө учурап “Бөрү алган”, “Бөрөгөн” болуп калган.

Төрөкул бийдин Умаркул, Аманкул деген бир туугандары болгон. Энеси Оро-Төбөнүн тажик кызы атасы Ак-Суулук кыргыз. Төрөкул Бухара,Самарканд тарапка бий болгон дешет. Анын тогуз аялы тогуз жерде болгон экен. Замборучтагы аялынан балдары учурда Ак-Суу айылында жашашат [АТМ. 3]. Айылдын кире беришине бөрүнү эмген эки баланын эстелиги турат. Көпчүлүк элдер айылдын Бөрөгөн аталып калшына ушул эстеликтерди байланыштырат. Бөрөгөн “Бөрүнү эмген” деген сөздөн келип чыккан дешет. Бирок жергиликтүү эл бул вариантты четке кагышат.

Жогоруда жергиликтүү маалыматтарды эске алып, азыркы Тажикстандын Согд областынын Шахристан райондорунун Бөрөгөн айылында жашаган кыргыздардын тарыхын дагы да терен изилдөө милдети турат. Бөрөгөндүк кыргыздар байыртадан байыр алып келген эл жана кыргыздардын ата-бабалары мекендеп келген ата-журту деген тыянакка келсе болот.

**Адабияттар:**


1. Канназарова Б.У. Согдулук кыргыздар. / «Наука и новые технологии» журналы, №7, 2014-ж. - 124-126-бб.


**Маалымат бергендер:**

1. Давлатов Аскар Халыкулович, Бөрөгөн айылы, бөксө уруусу 73 жашта;
2. Жабборов Шухрат, Казнак айылы, бөксө уруусу, 45 жашта;
3. Жабборова Кызылай, Казнак айылы, бөксө уруусу, 70 жашта.